
# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ҮЙ-БҮЛӨӨ ЖАНА ТАБИЯТ



**ОСЕКОВА ТОКТОКАН**
**ЖУМАБАЕВА ДИНАРА**
**САТАЕВА ГУЛМИРА**
**ОМУРАЛИЕВА ГУЛСАРА**

İKSAD Publishing House

ISBN
978-605-68528-9-3
2018

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ҮЙ-БҮЛӨӨ ЖАНА ТАБИЯТ

ОСЕКОВА ТОКТОКАН
ЖУМАБАЕВА ДИНАРА
САТАЕВА ГУЛМИРА
ОМУРАЛИЕВА ГУЛСАРА

İKSAD
Publishing House

**ISBN**
**978-605-68528-9-3**

**Institution Of Economic Development And Social Researches Publications®**
(The Licence Number of Publicator: 2014/31220)
TURKEY TR: +90 342 606 06 75
USA: +1 631 685 0 853
E posta: kongreiksad@gmail.com
www.iksad.org
www.iksadkongre.org

Kitabın tüm hakları İKSAD Yayınevi’ne aittir.

İzinsiz çoğaltılamaz, kopyalanamaz.

Metinlerden etik ve yasal olarak yazarlar sorumludur

Iksad Publications - 2018© ISBN – 978-605-68528-9-3

ISBN
978-605-68528-9-3

# МАЗМУНУ

ОСЕКОВА ТОКТОКАН
БИРИН-БИРИ ТОЛУКТАГАН ТАГДЫРЛАШ
КААРМАНДАР
4

ЖУМАБАЕВА ДИНАРА
Ч. АЙТМАТОВ - ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ҮЙ-
БҮЛӨДӨГҮ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУ
АЙЫПТАГАН ГУМАНДУУ ЖАЗУУЧУ
18

САТАЕВА ГУЛМИРА
Ч. АЙТМАТОВ ЫЙМАНДУУЛУКТУ,
АДАМКЕРЧИЛИКТИ ПРОГРЕССИВДҮҮ ИДЕЯ
КАТАРЫ СҮРӨТТӨӨ БОЮНЧА ЧЕБЕР УСТА
ЭКЕНДИГИ НЕМИС ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН
КӨЗ КАРАШЫНДА
32

ОМУРАЛИЕВА ГУЛСАРА
Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА
ТАБИЯТ ТУУРАЛУУ КЪЗ КАРАШТАРДЫН
БЕРИЛИШИ
57

# БИРИН-БИРИ ТОЛУКТАГАН ТАГДЫРЛАШ КААРМАНДАР

***Осекова Токтокан Качыбековна***

Турмуштун ар кандай көрүнүштөрүнө, адам тагдырына, өткөнго жана келечекке ой жүгүртө билүү-адам менен жылкынын тагдырын катар коюу менен баяндалат.

Ч.Айтматовдун бийик көркөмдүктө жазылып, континенттен континентке учкул канат, ыйык сезим менен аралап, калың элдин сүйкүмдүү чыгармаларына айланган эмгектерин окуп үйрөнүү ар бир кыргыз атулуунун ыйык парызы. Адамдын даана, таасын тартылган күчтүү мүнөзүн, таштан чегилгендей образын түзүү Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы асыл касиеттердин бири. «Гүлсарат» повестинде адам тагдыры менен жылкынын тагдырын катар коюп, алардын баскан кадамы, жашаган жашоосу шайкеш каармандар экендиги сүрөттөлөт.

Өр талашкан кара жолдо эски араба айдаган

кары киши келет. Араба тарткан кула жорго Гүлсары да картаң ат, абдан эле картаң ат… Чыгарма ушинтип башталат. Окурман дароо эле араба айдаган кары киши Танабай экендигин сезет, ал эми картаң ат-Танабайдын «жан бирге» жоргосу Гүлсары.
«Жан бирге» деп атайын маани берип айтып жатабыз. Кеп оролу мында: Танабайдын жана Гүлсарынын тагдыры-бир тагдыр. Жок, бул адам жана анын аты жөнүндөгү мурдатан келаткан традициялык образ эмес, образдын бүткүл заты жаңы көркөмдүк менен түп - тамырынан бери кайрадан жаңыртылып берилген. Анын көркөмдүк дистанциясы боюнча эң алыскы түйүлдүктөрү деп Манас жана Акула, Курманбек жана Телтору, Эртөштүк жана Чалкуйрук, Ыманбай жана Айсараланы көрсөтсө болот. Жазуучу мурдагы адабий салтты, адабий эрежелерди андан ары улантуу менен бирге, анын бийик ашууларын ашып, анын төрүнө чейин өттү б.а. Чыңгыз Айтматов «Гулсарат» повестинде дал ушул бийиктикке көтөрүлдү. Танабай жана Гулсары

повесттин борбору, кыймылдаткыч күчү, бүткүл мазмуну, адам жана жылкынын тагдыры «биринен - бирине өтүп», өтмө катары берилет, көп учурларда Танабайдын өмүр баяны Гулсарынын «өмүр баяны» аркылуу сүрөттөлөт. «Өлө-сөлө» картаң аты баса албай, караңгы түндө Танабай айласы куруп, жалгыз арбайып турган учурда согушка чейинки, андан кийинки жылкычы, анан чабан болуп турган күндөрүн эскерет.

Оо, андан бери күндөр картайып, түндөр эскирди. Гулсарат төрт аягы адеп шилтенгенден жорго чыгып, баралына келгенде даңкы дабан жарып өмүрүндө жакшылыкты да, жамандыкты да көп көрдү. Гулсары, Гулсары болуп турган тушунда арабага чегиш үч уктаса түшкө кирбес эле. Бирок «ат башына күн түшсө, суулугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет» деген кеп ырас.

Минтип, аттын эскилиги жеткен жүрөгү мыкчыла өйүп, моюнчагы кысып, дем алышы кыйындап келатса да, жаны кыйналса да моюбаган кадимки жоргосуна салымыш болот.

Акыры Гулсарат сабагынан үзулгүдөй салаңдаган чоң башын моюнчактын салаңдатып, мүргүп турду, теңселип, токтоп турду. Картаң ат менен картаң чал ээн жолдо муңдашып, жалгыз турду.

Танабай ойлонуп туруп, жүгөндү башынан сыйрып алды.

- Чамаң келсе алдыга бас, мен артыңан жүрөйүн. Коркпо таштап кетпеймин. Ошентип ат алдыга түштү, Танабай жүгөндү ийинине салып артында барат. Гулсары токтой калса, Танабай да токтоп күтүп турат. Анан экөө жол тартат.

Ушул жол менен кечинде чаң ызгытып өткөнүн эстеп, Танабай кейиштүү жылмайды. Гулсары жоргосун кызый салганда, чаңы куйрук улаш жүрө албай, узунунан узун чубалып калаар эле, учкан жылдыздын куйругундай чаңды көргөн адам дароо таанычу: «А, жаныбар, Гулсары бара атат!» деп калаар эле. Желсиз күндө Гүлсары зымырап өткөн жол үстүндө боз була чаң реактив самолёттун түтүн изиндей болуп тарабай көпкө турат. [1] Ошондо Танабай да алкынган бышты жорго минип, жигитчилик доорун сүрдү.

Гулсарыны минип бара жатканда эл көзүнө көйрөңдөнүп коюудан да тартынбады.

Бирок Танабай жоргого өзүнөн башка бирөөнү мингизбеди. Башканы мындай кой жандан артык көргөн Бүбүжаны да бир минип көргөн жок. Ошого жараша Гулсары да Танабайга шерик болуп, ал кубанса кошо кубанып, кайгырса кошо кайгырат, жада калса Танабай жактырган Бүбүжанды ал да жактырат. Маселен, кеңседен кабагын карыш түйүлүп чыккан Танабай үзөңгүнү бек тээп, жалды аткый кармап, тааныш келинди көргөндө жоргонун бели жазылып, ээси да жумшарып, тизгинди жумшак тартаарын, ээрге өбөктөп, акырын сүйлөшөрүн, келин болсо жоргонун жалын тарап, омуроосун сылаарын сезет. Бүбүжандын Гүлсарынын жалын тарап, омуроосун сылаган учурдагы колунун жумшактыгы «үйүрдөгү тору кашка байталдын эрининдей мээримдүү жибек кол» болсо, «көздөрү айлуу түндөгү булак түбүндө жаткан асыл таштай жаркылдайт». [1] Мындай ажайып кол, үйүрдөгү тору кашка байталдын ээрининдей мээримдүү

жибек кол эч жанда жок.

Жорго ал келинди сырт турпатынан, басканынан эле таанычу. А түгүл келиндин боюнан буруксуп тураар бир ажайып чөптүн артыкча жытын сезер эле. Ал жыпар гүлдүн жыты.

- Бүбүжан, карачы, Гулсары сени жакшы көрөт,- дейт Танабай келинге.

-Дагы сылап койчу, дагы. Көрчү кулак жапырып эркелеп жатканын.

Күлүк күнүндө, тулпар тушунда деп бекер айтылбаган. Канткен менен ошол мезгил Танабайга да, жоргого да күнү тууган кез эле.

Биринчи май майрамындагы маарекеге карата чоң байге коюлуп, күлүктөр чабылды, казактар да байгеге өз күлүктөрүн кошту. Сан күлүктөн үчөө озду, алдыда Боз менен Жээрде, үчүнчү болуп Гулсарат баратты, атаандашуу күчөп, Гулсарат аларды басып өтүп, алдыга озду, «көөдөнүн күч жарып, көзүнөн от жанып, Гүлсары белден ылдый апайбетте жылдыз болуп, агып учту. [5] Бул жарыш Гулсарынын жарышы эмес

эле, Танабайдын жарышы. Танабай да колхоз турмушун оңдоо үчүн күрөшөт, бул үчүн эч нерсесин аябайт. Анын идеалы- колхоз турмушу. Эгер кимдир бирөө анын ушул идеалына кол салса, кедерги болсо Танабай канын төгүп күрөшүүгө даяр. Танабайдын мына ушул касиетин дагы ачыгыраак, дагы күчтүрөөк көрсөтүү үчүн жазуучу өз орду менен Гулсарынын образын катарга коёт. Жарышууда Гулсары жеңилгенин мойнуна алгысы келбеген, өжөр Боз күлүктү калтырып, жеңип чыкты. Танабай да турмуштун жаңы бийиктиктерин, жаңы тоскоолдуктарын ушундай курчтук, ушундай «күлүктүк» менен жеңип алат. Мына ошондуктан Танабайды көрө албаган мансапкорлор, кошоматчылар Гулсарыдан-Танабайдан өч алышат. Ар түрдүү мансапкорлор жана булгары пальто кийген азыркынын манаптары Танабайды жазалаш үчүн адегенде Гүлсарыны «жазалайт», темир кишенге салып, «аттардын түрмөсү» атканага камап коёт. Тубаса тазалык, ак ниеттүүлүк, жаңы дүйнөгө, жаңы турмушка өзгөчө берилгендик Танабайды түздөн-

түз кошоматчылар, мансапкорлор, эки жүздүүлөр, «эт» менен челдин арасында жүргөндөр менен келишпес күрөшкө, татаал карама-каршылыкка алып келет. Танабайдын идеалы-өз колу менен курушкан колхоз чарбасы- көз көрүнөө бөлүнүп, урап, калыбына келбей, осмөк турсун артка кетип турганда, ал ого бетер өзүн коёрго жер таппай, керек болсо Сегизбаевдерге мансабына, бийик кызмат абалына карабай, түздөн-түз кол салууга чейин барат. Жогоруда айтылган Гүлсараттын жарышы-турмуш күрөшү, таланттуулуктун жана талантсыздыктын, ак ниеттүүлүктүн жана кара ниеттин ортосунда алмустактан бери келаткан бүтпөс талашы. Бул күрөштө ким жеңет, маселе ушунда. Талантсыздык, кара ниеттик оңой эле жолдон чыгып, өз позициясын жөн эле өткөрүп бербейт, өзүнүн жол-жобосун, эрежесин бекемдөө үчүн ал эң акыркы өжөрлүк менен эрегишип, бүткүл күчүн жумшайт. Ошондуктан Танабайдын тынымсыз аракетин, демилгесин, ийгилигин, улам бийик өргө карай умтулушун көрө албагандар Алдановдор жана Сегизбаевдер анын ушундай

учкул демин токтотуш үчүн, бардык кара ниет чараларды колдонушат, адегенде «канатын» кыркып, «кишендейт», акыры анын бүткүл өмүр турмушунун мазмуну болгон партиядан чыгарат. Танабай үчүн мындан ашкан жаза жок. Гүлсарыны кишендөө - бул Танабайдын күч - кубатын, инциативасын «кишендөө». Кишенге да моюн бербей, Гүлсары үйүрүнө качып келген сыңары, Танабай да куру кыйкырыктардын, мансапкорлордун ар түрдүү арамза иштерине моюн бербейт, өз жолунан, өз позициясынан кайтпайт. Ак ниеттүүлүктү, принципиалдуулукту, чечкиндүүлүктү даңазалоо- повесттин негизги пафосу.

«Гулсарат» мага бир чети эң чоң чыгармачылык алып келсе, бир чети аябагандай көркөм машакат да чектирди десем болоор. Бул повестте мен мурунку чыгармаларымда козголбогон башкача бир ойлорду айткым келди,- дейт жазуучу.

«Гүлсарат»- бул чабандын эмгеги жөнүндө гана чыгарма эмес, адамдын турмушу,

жашоосу, бийик идеалы жөнүндөгү ой жүгүртүү. Танабай турмуштун даңгыр жолунан чыкпай, шаан-шөкөттүү жүрүп, китептин тили менен сүйлөп, интеллектуалдуу каарман аталып олтурбады. Анын түшүнбөстүгү, аша чабуулары, жаңылыштыктарын алсак, өз агасы Кулубайды кулакка тартуусундагы алабармандыгынан көрүнөт. Каарман үчүн турмуш түнт токой, ошол түнт токойдон ар ким өз жолун табыш керек. Танабай болсо кээде чоң жолдон адашып четтеп кетип, мүдүрүлүп, жыгылып, кыйналып-кысталып, турмуштук тажрыйбага ээ болуу натыйжасында интеллектуалдуу каарманга айланды. Анын мүнөзү эмгек процессинде калыптанат. Ал эмгектен рахат алат, жалпы элдин ишине кубанат. Танабайдын образы татаал, анын мүнөзүндөгү эң жакшы касиет- барып турган адилет, чынчыл, калыс, эл камын ойлой билген камкордугу. Тагдыры чечилип жаткан партиянын райкомунун бюросунда сөз алып сүйлөбөйт. Себеби ал - Сегизбаев, Кашкатаев, Алдановдорго жалынгысы келбейт. Антсе чындыктын алдында басылып калмак. Бул

чыгармада адам менен жаратылышты бөлүп көрсөтүү мүмкүн эмес, Гүлсары менен Танабай өз ара жуурулушуп кеткен. Аттын образы жандандырылган, ал ээси менен бирге «ойлонот», «эскерет», «тынчсызданат». Адам дүйнөнүн татаалдыгын: сүйүү жана жек көрүүнү, жакшылык менен жамандыкты, сулуулук менен ыпластыкты, ак менен караны ат менен бирге таанып билет. Ошондуктан Гүлсарынын өлүмү Танабай үчүн орду толгус жоготууга барабар. Акыры Гүлсарат башка дүйнөгө кетти.



Болду! Эми кайран бул туяктар жер баспайт, дүбүртү чыгып, даң салбайт. Болду… Бүттү… Танабай эңкейип жоргосунун муздаган көзүн жапты, көкүрөгүнөн бир тал кесип алып, коюнуна катты, анан жүгөндү ийинине арта салып, тоону беттеп баратты. Көзүнөн аккан жаш бетин жууп, сакалын суулады. Танабай аарчынбады… Бул көз жаш тулпар туума Гүлсарынын азасына аккан көз жаш эле. Көзү жаштуу, көкүрөгү дарттуу Танабай агарып келаткан таңды, тоо бөксөлөй учуп келе жаткан казды карап баратты.

Анан үшкүрүп алып, артына бир кылчайды:

-Кош, жаныбарым Гүлсары! Бул коштошуу өзүнүн тагдырлашы, муңдашы, сырдашы, таянары, карманары Гүлсары менен түбөлүк коштошуу эле. Мына ошондон кийин Танабай өзүнүн карылыгын, ичер суусу, көрөөр күнү байып баратканын ойлоду. Чоронун уулу Самансурга кат жазып, партияга кайра өтүүгө жардам кылуусун өтүнмөк болду. Жаман айтпай жакшы жок, Гүлсарыга окшоп бир күнү ач бел, куу жолдо өлүп калышы мүмкүн. Өмүрүнүн башында кандай болсо, акырында да ошондой болуп өткүсү келди. Ошондуктан карыса да партияга кайра өтүүнү чечти. Демек, Танабайдын образындагы өзгөчөлүктүн бири-чечкиндүүлүгү, партиянын ишине берилгендиги. Ал- партиялык жоопкерчиликти жогорку аң-сезимдүүлүк менен сезе билген, камкор, терең ойчул, адилет гуманист адам. Турмушта али да болсо жанаша жашай коюп жүргөн, ыплас, балит жорук-жосундарга каршы күрөшүүдө ак жеринен партиядан чыгып калса да, дилинде коммунист боюнча калган. Анын

партиянын ишине берилгендигин партбилетин катканынан көрүнөт. Партбилет Жайдар тигип берген булгары калтага салынып, боо тагылган калтаны Танабай ичине асынып, дамаамат жылаңач колтугуна катып жүрөөр эле. Жүрөк тушун жылыткан, жан тери синген партбилетти алып чыгып, жыпжылуу боюнча Кашкатаевдин муздак жылтыр столуна койду. Партбилетти тапшырып чыкканда эң биринчи астынан тосуп, кайгысын бөлүшкөн Гүлсары болду.

- Менин жайымы сураба, кайгым оор. Айласыз оор…-деп жоргонун мойнунан кучактай каңырыгы түтөп кетти. Танабай менен Гүлсарынын татаал тагдырлары бири-бирине байланышкан. Ч.Айтматов алардын өмүр жолундагы бийиктөөнү да, төмөн кулоону да жашырып жаппайт.

Гүлсарат адегенде энесинин таттуу сүтүн оозунан көбүк чыгарып балкыта соргон кулун, анан тартса улак бербеген, чапса алдына күлүк салбаган даңктуу жорго, кийин айгырдык касиетинен ажырап, жонунан ээр түшпөгөн шалпайган ат. Танабайдын баскан жолу да ушуга

окшош. Алар бирин-бири толуктаган образдар. Гүлсары- Танабайдын жаны. Гүлсарынын тагдыры- Танабайдын тагдыры. Бул сөз балким өөн угулушу мүмкүн.

Бирок бул чындык!

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Айтматов Ч. «Гүлсарат» Ф. 1978-ж

2.Акматалиев А. «Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолу» Ф.1988-ж

3.Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы

4.Асаналиев К. «Көркөм бийиктик» Ф. 1974-ж

5.Аширбаев Т. «Ч.Айтматовдун чыгармаларында эмгек темасы»

6.Сыдыков А. «Кыргызстанда Айтматов таануу илиминин пайда болушу жана өнүгүшү» Б. 1992-ж

# Ч. АЙТМАТОВ - ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУ АЙЫПТАГАН ГУМАНДУУ ЖАЗУУЧУ

***Жумабаева Динара Сапарбаевна***

Кыргыздарда башка дүйнө элдериндегидей эле үй-бүлө баалуулугу бөтөнчө  орунда турган. Элибиз үй-бүлөнү капкалуу шаарга салыштырып, ал бузулса, бир шаар бузулганга барабар экендигин айтышкан. Үй-бүлөдөгү тынчтык, коопсуз жашоо, бакубат турмуштагы ата-эненин бири –бирине болгон сыйы айрыкча балдарга керек. Балага ар дайым таяныч боло алчу бирөө бар экенин билүү бейпилдикти, коопсуз жашоону жана бакыт  тартуулайт. Бала туулгандан эле көңүл бурууга, сүйүүгө, камкордукка муктаж. Балдар аларды жакшы көрүп турганда өздөрүнүн баалуулугун сезет жана бул алардын демине дем кошот. Балдардын өзүнө болгон ишениминин бекемделишине, инсан болуп калыптанышына да ата-эненин, бир туугандарынын

сүйүүсү жана колдоосу чоң түрткү берет. Бирок толук үй -бүлөдө чоңоюу бактысы ар бир балага насип кылган эмес. Учурдагы Кыргызстанда күчөгөн тышкы миграция маселеси үй бүлөнүн жылуу уясын бузуп, кадырын сындырып, балдардын жана аялдардын физикалык жана психологиялык жактан, материалдык жактан зордук-зомбулук көрүүсүнө алып келген окуялар жылдан-жылга көбөйүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда болуп жаткан зордук-зомбулук коштолгон окуялардын сандык көрсөткүчүнө баам салып көрөлү. Эмгек, социалдык өнүгүү министрлигинин маалыматына караганда, жыл санап жакындарынан кордук көргөн балдардын саны өсүүдө. "Сабалган балдардын саны 2016-жылы 87 болсо, 2017-жылы 85 бала болгон. Сексуалдык жактан кордолгондор бир жыл ичинде 40 тан 55 ке чейин жеткен. Ал эми психологиялык зомбулукка 2016-жылы 12 бала туш болсо, быйыл бул көрсөткүч 28 балага жеткен." [5].

Ал эми кордук көрүп, жапа чеккен аялдардын укугун коргоп, аларга социалдык жана психологиялык жардам көрсөткөн "Акжүрөк"

кризистик борборунун башчысы борборго жылына 800гө жакын аялдар кайрылганын айтат. Бул борбор шаарыбыздагы кризистик борбор, а аймактардачы? Аймактардагы, алыскы райондордогу зордук-зомбулук көргөн аялдар, жаш балдар кимге кайрылат деген суроого жооп да жок.

“Эки кылымды шаңдуу нурландырган классик жазуучу Ч.Т.Айтматов” (кытай жазуучусу Жаң Чыңжы) өзүнүн бардык чыгармаларында зордук-зомбулукту айыптап, адамзатты бул коркунучтуу илдет менен күрөшүүгө чакырган.



Даңазалуу жазуучу үй- бүлөдөгү балага жана аялга карата зордукчул мамилени өзүнүн чыгармаларында чебер сүрөттөп берген. “Ак кеме” повестинде баланын Бекей таежеси жөнүндө мындай деп айтылат: “ Бул дүйнөдөгү аялдардын эң шордуусу, ушул Бекей таежеси, анткени баласы жок, ошол үчүн аракка тоюп алган сайын Орозкул урганы урган, баланын таятасы Бекейдин атасы, ал байкуш арачалап алалбай четте туруп, азабын тартат”. Бала чыгармада унчукпаган байкоочу, ал эч кимге айтпаганы менен баарын жүрөк сыдыргысынан

өткөрөт. Аракка тоюп алган Орозкулдан таяк жеп, көгала болуп жаткан таежесине боору ооруган бала Мүйүздүү-Бугу-Энеден бешик алып келип берүүнү өтүнөт. Бала көңүлүндө Мүйүздүү-Бугу-Эне бешик алып келсе эле, Бекей таежеси таяктан, аялдык бактысын басмырлаган зомбулуктан кутулчудай сезет. Бекей таежеси Орозкулдун арагынан азап тартып жатса да, Кордонго келген автолавкадан чай-чамек менен кошо эки шише арак алганына бала таң калат. “Ушу көйдө жүргөн Бекей таежеси азыр дүкөндөн чай-чамек алган болду да, анан эки шише арак алды. Өз шорун өзү кайнатып, бул эмне кылганы. Таене чыдай албады:

-Эмне балээни башыңа үйүп жатасың, бейбак?-деп, дүкөнчүгө угузбай күбүрөдү.

-Ишиң болбосун, деди Бекей таеже да өчөшкөнсүп.

-Өзүң билбей куруп кал, -деди таене жыланча ышылдай заарлуу шыбырап.” [ 1 ;23]. Бекейдин турмушундагы айласыздык, жашоого моюн сунуу гана эмес, акырында аракеч, зордукчу Орозкулга жагынып арак алып коюп, жасакерленип жашоосу

өзүн баалоо сапатынын төмөндүгүндө экенин Бекей кайдан билсин? Таш боор, аракеч  Орозкул китепкабын сүйүнчүлөгөн балага жакшы сөзүн айтып, кубанычына ортоктош боло албайт:

Орозкул мас болуп келатканда, алдынан китеп кабын көтөрүп сүйүнчүлөгөн  баланы жазуучу өтө элестүү сүрөттөйт:

“-Орозкул аба, Орозкул аба, менин китеп кабым бар! Мен окууга барам! Карачы китеп кабымы!

-О, азыткыдай болгон атаңды!..-деп сөгүнүп жиберди Орозкул тизгинди тартып. Канталай кызарган көздөрү баланы боолголой карады:

-Сен кайдан чыга калдың?

-Үйгө баратам.Китеп кабымы  Сейдакмат акеме көрсөттүм,-деди сөгүү жеген бала томсоруп.

-Бар, ойной бер, -деп корс этти да, Орозкул ээринде теңселип ары бастырып кете берди.

Бирөөгө кор бала, бирөөгө зар бала деп сыздады Орозкулдун мас көңүлү. Башкаларга санабай бала берген кудай ага бербеди. Өз канынан жаралган уулу жок болуп тагдырына нараазы жүргөн

Орозкулдун башка бирөөнүн таштанды баласы менен иши эмне. Көп болсо катынына жээндир... бирок портфелге жеткенине төбөсү көккө жеткенсип, ар кимге сүйүнчүлөп жүргөнүн карачы? Баланын жүргөн жери базар. Башкаларга чуурутуп бала берген кудай ага калганда неге колу жумулуу?..” Мына ушул эле ойлор Орозкулду жиндентип, агрессиясын аялынан чыгарып, зомбулук көрсөтүүсүнө себепкер. Улуу жазуучу каармандын ички психологиялык чыңалуусунун жеткен чегин да өтө таамай сүрөттөгөн:



“Орозкул жашып кетти. Кейиш менен ачуу муунтуп жиберди. Артында туяк калбасына жаны кейиди да, куу этек катынына жини келе баштады. Согончогу канабаган куу канчык, ошол багын байлап келатпайбы!..

“Сени элеби!” деп кекене эттүү муштумун түйүп, өңгүрөп ыйлап ийиштен карманып, онтоп жиберди. Барары менен катынын көгала койдой соёрун билип баратты ал. Бу көнүмүш жорук мас келген сайын кайталанчу. Бука мүнөз Орозкул кайгы менен ачуусу аралаш келгенде жиндеп кетет. Автор

дайыма турмушуна нараазы болгон Орозкулду таамай сүрөттөйт: “Орозкул болсо турмушуна ыраазы эмес, нараазы, атүгүл жек көрөт. Бу турмуш ага ылайык курулбаган.” Орозкулдун жакшы иште иштебегенине да, кызматта стол кучактап отурбай калганына күнөөнү өзүнөн эмес, унчукпас, тил алчаак Бекейден издейт.

Бүгүнкү агымы шар ааламдашуунун доорунда өз баласын депкир менен сабап өлтүргөн эненин ырайымсыздыгын, өз канынан жаралган кызын зордуктаган атанын нысапсыздыгын, кымындай адамдык сапаттан кеткен абийирсиздигин көрүп отуруп, адамдагы жакшылык жана жамандык түшүнүгү тээ бала кезде калыптанып, жүрөгүндө багылары талашсыз чындык экендигине да бир жолу ынанабыз.

“Ак кеме” повестинде бала өзүнүн тазалыгы, пакизалыгы менен өзгөчөлөнүп, жакшылыкты каалап, ошого умтулганы көрүнүп турат. Бала жашоодогу адилетсиздикти да көп ойлонот: “Эмне үчүн адамдар итче ыркырашып жашайт? Эмне үчүн бирөө жакшы, бирөө жаман? Эмне үчүн бирөө

бактылуу, бирөө шордуу? Эмне үчүн бирөөдөн эч ким коркпойт, бирөөдөн баары коркот? Эмне үчүн бирөөнүн баласы бар, бирөөнүкү жок? Эмне үчүн бирөө бирөөнүн маянасын бербей коё алат? Кыязы, маянаны эң көп алган адамдар эң мыктылар го? Таятасы эң аз алат, ошон үчүн баары кордой беришет го? " Бала мына ушул суроолорго жооп табалбай издейт. Анын балык болуп сууда сүзүп кетишине да ушул суроолоруна жооп таппай, адамдардын кыянатчылыгын жүрөгүнө батыра албаган айласыздык болуп жатпайбы!?



"Чыңгыз Айтматов- өз чыгармачылыгы менен адамды "руханий сапаттарынын бардык жыйындысында" ар тараптан көркөм иликтөөгө алуу менен анын улуулугу туурасындагы улуу чындыкты, улуу сөздү жалпы адамзатка жар салып, гуманизмдин туусун бийик көтөрүп келген дүйнөлүк адабияттын корифейлеринин бири. Гуманизм-жазуучунун чыгармаларынын идеясын ичтен жарык кылып турган өзгөчө касиет, сапат, анын мааниси жазуучунун чыгармачылыгында өтө эле кеңири", [4;49] -деп белгилейт окумуштуу Л.Үкүбаева.

Окумуштуунун таамай айтылган бул сөзүнө кошулуу менен даңктуу жазуучубуздун адабий мурастарын майдалап изилдеп, андан чыккан адамзаттык сабактарды эртеңки муундарга үйрөтүп, жашообузга жарык, келечекте багыт кылуубуз зарыл деген ойду айтмакчыбыз.

Чыгаан жазуучу Ч.Т.Айтматовдун “Кыямат” романында үй—бүлөдөгү зомбулук Базарбайдын образы аркылуу берилген. Эмгектеги алдыңкылыгы, иштин көзүн билгени менен айырмаланган Бостонду көрө албаган бул каарман үйүндө жексур көрүнүп бүткөн. Аялынын аты Турсун болсо да, таякты көп жегенинен улам Көктурсун аталды. Өмүр бою Көктурсундун этинен таяктын уусун кетирбеген Базарбай аны ар бир жасаган нерсе үчүн күнөөлөп урат. “Бирок Базарбай бул жолу анын жаагын башкача кылып басты. “Бери кирчи, сөз бар” деп үйгө киргизип алды да, кирер замат үн-сөзү жок, алкымдан бурай кармап,дубалга ныгыра басты эле, экөө бетме-бет турат-аялдын кунары заматта уча түштү...”[2;224]... Так ушул жерден ал аялынын жүзүн бырыш басканын, артта калган жылдардын

кайгы-касиретин, өкүнүч арманын сезет. Бирок кыпындай да түшүнүп, боору ооруп койбойт, аёо сезими өлүп калгандай...

Ушул кичинекей эле эпизоддон бу каармандын аялына карата адамгерчиликсиз мамилеси, мыкаачылыгы көрүнүп турат. Автор Көктурсундун Базарбайга карата бир эле наалыганынан алардын жубайлык жашоосунун бүтүндөй картинасын көрсөтөт. Көрсө, Базарбай аялына эле эмес, балдарына да тарбия бере албаган адам экен. Аялынын айтуусунда, балдарынын баары хулиган болуп чыгыптыр, куурай башын сындырбайт, быкшытып чылым чеккенин айт, эч нерсе менен иши жок, келе тамак дейт да турат. Бүгүнкү күндө деле коомубузда мындай үй-бүлөлөрдүн жашоо кечирип келатканы жашыруун эмес.

Айтматовдун Орозкул, Бостон өңдүү каармандарынын кулк-мүнөзүн философ акын Барпы Алыкулов өзүнүн “Болбос жигит” деген ырында таамай сүрөттөгөн:

“ Адам болбос жигит бар,
Бозодо салат жаңжалды.
Керилип сунат чаңгалди...
Арагын ичип, шишесин
Ташка уруп талкалайт,
Көрдүңбү мени дегенсип,
Кең дөбөдө чалкалайт.” [ 3;390].



Бул ыр саптарынан дал ушул мезгилдеги аракты ичип алып, катын-баласын чыркыратып сабап, ошол кылыгын өзү эрдик деп ойлогон эргулдардын чыныгы жүзү көрүнүп жаткандай таасир калтырат. Анан калса, бул сүрөттөөлөр кудум эле жогорудагы эки каарманды мүнөздөп жатканы таң калтырат.

Айтматовдун улуулугу ошондо, коомдогу оорулуу жерди, ириңдеп жарылайын деп калган көйгөйлөрдү адамзаттын алдына коюу менен суроо берип тургансыйт. Качан адамзат бул оорусу менен

күрөшөт, качан өзүн айыктырат деп собол таштап, бизден, урпактарынан жооп күтүп турат. Коомубуздагы зордук-зомбулукту жоготуп, гумандуу келечек кургубуз келсе, анда бүгүнтөн кам көрүп, жаш муундарды ошол багытта тарбиялашыбыз керек. Аялдар менен жаш балдардын укугун коргой турган туруктуу мыйзамдарды иштеп чыгып, аткаруу тартибин жолго коюу да өзүбүздөн.

Үй-бүлөдөгү зордукту болтурбай коюу адамзат колундагы нерсе, ошол жакшылыктарга умтулуп, адамзаттык улуу дөөлөттөрдү бекемдеп, планетабыздагы тынчтык, бейпил жашоого багыт алып, адам деген ыйык атты булгабай таза, инабаттуу өмүр кечирсек деген тилекти айткыбыз келет Ошондо даңазалуу жазуучу Ч.Т.Айтматовдун соболуна жооп берип, адамдык парзыбызды аткарган болобуз.

“Кылым карытар бир күн” романындагы Найман-эненин уулу Жоломандын акыл-эсин алып, маңкуртка айландырган жуан-жуандардын кылыгы кандай гана жетип түгөнгөн мыкаачылык. Даңазалуу жазуучу Ч.Айтматов адамзаттын өзү ойлоп тапкан

мыкаачы иш-аракеттери жөнүндө белгилүү казак акыны М.Шаханов менен маегинде да кейүү менен эскерген. Залкар жазуучу маекте : “Маңкурттук менен зомбилик- садизмден өсүп чыккан эки уулуу бутак сыяктуу. Аты бөлөк болгону менен заты бир. Австралиялык аборигендердин ичинде да адамды зомбиге айландыруу тыйылбаган сыңары. Этнографтардын далилдөөсүндө Австралияда сыйкырчы-эмчи болочок курмандыгын өзү тандайт экен. Колу-бутун байлаган калыбында сол кырынан жаткырып, балыктын сөөгүн же ичке найзаны жүрөгүнө матырып, убактылуу өлтүрөт. Ошол учурда аны сыйкырдын күчү менен кайрадан тирилтип, өткөн өмүрүндөгүлөрүн унуткарууга мажбур кылат. мындай зомбинин акыл-эси кадимки адамдан эч айырмасы жок, бирок бир жерди карап молоюп отура берет дейт.”

Жазуучу кээде аны чыгармаларыңызды көбүнэсе трагедиялуу бүтүрөсүз деп күнөөлөшөт деп айткан жери бар. Трагедиялуулук дагы кубаныч сыяктуу эле жашоону кабылдоонун бир элементи.Трагедияда дайыма маани-маңыз бар.

“Ак кемедеги”  баланын өлүмү аркылуу мен түк да жамандык жакшылыкты сүрүп чыгарарын көрсөткөн жерим жок, менин көздөгөн максатым – ак иштин арыбас экендигин ачып берүү, ал үчүн кейипкер өз жанын кыйып болсо да күрөшө тургандыгын көрсөтүү. Албетте, аным канчалык деңгээлде ишке ашты, -окуучулар өздөрү аныкташаар. А бирок бир нерсеге көзүм жетип турат: жеңиш эч качан Орозкул тарапта эмес, -кыңыр иш качан болсо кыңыр бойдон калат. Ырас, бала мерт болду, бирок анын адамдык абийири, имандык зоболосу бийик бойдон калды”.



**АДАБИЯТТАР:**

1.Айтматов Ч.Т. “Ак кеме” повести .Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 3-том. – Б.,2008

2.Айтматов Ч.Т. “Кыямат” романы –Ф., 1988

3. Алыкулов Б. “Болбос жигит”., “Мурас” жыйнагы, түзгөн-Абдылдаев М.К. –Ф.,1990

4. Үкүбаева Л. “Чыңгыз Айтматов жана азыркы адабий процесс” –Б.,2013

5. WWW.m.sputnik.k

# Ч. АЙТМАТОВ ЫЙМАНДУУЛУКТУ, АДАМКЕРЧИЛИКТИ ПРОГРЕССИВДҮҮ ИДЕЯ КАТАРЫ СҮРӨТТӨӨ БОЮНЧА ЧЕБЕР УСТА ЭКЕНДИГИ НЕМИС ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН КӨЗ КАРАШЫНДА

***Сатаева Гулмира Сейтмуратовна***



Бул макалада Чыңгыз Айтматов адабий чыгармаларында адамгерчиликти, эркиндикти, адам баласына көрсөтүүчү урмат-сыйды жана адам баласына тиешелүү бийик сапаттарды, башкача айтканда, ыймандуулукту прогрессивдүү идея катары сүрөттөө боюнча чебер уста экендиги немис окумуштуусу И.Гучкенин «Айтматовдун чыгармаларында адамзат көйгөйү, жомоктор жана мифтер» аттуу китебинин «Die Sittlichkeit der Literatur» – «Адабияттагы ыймандуулук» деп аталган III главасынан көрө алабыз. Бул эмгекте адамгерчилик, ыймандуулук маселелери жазуучунун дээрлик бардык чыгармаларында көркөм чечилгендиги белгиленет. Германияда Чыңгыз

Айтматовдун чыгармаларына арналган сын макалаларда эң көп Айтматовдун каармандары тууралуу олуттуу ойлор айтылат. Немис окумуштуулары ушул өзгөчөлүктү туура баамдап, көрсөтө алышкан десек эч жаңылышпайбыз.

Айтматов түзгөн каармандардын ар түрдүү кесиптин ээлери экендигин, ички дүйнөсүнүн байлыгын, аң-сезимдеринин жогору экендигин, алар аркылуу жаңы адамдын типтүү образы берилип жаткандыгына көңүл бөлүшөөрү И. Гучкенин «Айтматовдун чыгармаларында адамзат көйгөйү, жомоктор жана мифтер» аттуу эмгегинде, Р. Опицтин «Ч. Айтматовдун чыгармаларында биздин замандын каармандарынын берилиши» аттуу макаласында, Кристина Баше "Айтматовдун "Саманчынын жолу" чыгармасында биздин жашоо-тиричилигибиздин негизги маселелеринин түзүлүшү" деген макаласында жана Ралф Шрёдердин эмгектеринде немис окумуштууларын биринчи кезекте Чыңгыз Айтматовдун жөнөкөй, карапайым каармандарынын руханий бийиктиги кызыктыраары белгиленет. И.Гучкенин: "Кыргыз жана орус салты боюнча

белгилүү болгондой эле, Айтматовдун милдетин самолеттогу навигатордун милдети менен салыштырууга болот”, - деген сөзүнөн жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча изилдөөлөрүндө негизинен ал Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын жогору баалаганын көрөбүз.

Германиянын сынында да, кыргыз жана совет адабиятынын сынында да, Айтматов өз чыгармаларында инсандын өз алдынчалыгын, анын кайталангыс сапатын коргоо жана ички дүйнөсүн толугураак ачып көрсөтүү менен, жалпы коомчулуктун өнүгүүсүнө камкордук көрүүгө умтулуп, адамды курчап турган жаратылыш татаал, ал эми адам дүйнөсү андан да татаал экендигин терең чагылдыруу менен чыгармалары аягында чындыкка, акыйкаттыкка, жакшылыкка үндөгөндүгү белгиленет.

Макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык ийгилигинин бирден бир сыры ал өз чыгармаларын жаратууда улуттук алкактан чыгып, жалпы адамзаттык, планетардык ой жүгүртүүнүн деңгээлине көтөрүлгөндүгүндө экендигин жазуучунун чыгармачылыгын изилдеген

окумуштуулар бир ооздон белгилешет. Немис окумуштуулары да Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы бул өзгөчөлүктү өз изилдөөлөрүндө башкы нерсе катары белгилешкендигин жана бул маселеге карата ар кыл ойлор айтылгандыгын көрөбүз.

Германиянын сынында да, кыргыз жана совет адабиятынын сынында да, Айтматов өз чыгармаларында инсандын өз алдынчалыгын, анын кайталангыс сапатын коргоо жана ички дүйнөсүн толугураак ачып көрсөтүү менен, жалпы коомчулуктун өнүгүүсүнө камкордук көрүүгө умтулуп, адамды курчап турган жаратылыш татаал, ал эми адам дүйнөсү андан да татаал экендигин терең чагылдыруу менен чыгармалары аягында чындыкка, акыйкаттыкка, ыймандуулукка, жакшылыкка үндөгөндүгүн белгилешет.

Чыңгыз Айтматов адабий чыгармаларында адамгерчиликти, эркиндикти, адам баласына көрсөтүүчү урмат-сыйды жана адам баласына тиешелүү бийик сапаттарды, башкача айтканда,

ыймандуулукту прогрессивдүү идея катары сүрөттөө боюнча чебер уста экендиги немис окумуштуусу И.Гучкенин «Айтматовдун чыгармаларында адамзат көйгөйү, жомоктор жана мифтер» аттуу китебинин «Die Sittlichkeit der Literatur» – «Адабияттагы ыймандуулук» деп аталган III главасынан көрө алабыз. Адамгерчилик, ыймандуулук маселелери жазуучунун дээрлик бардык чыгармаларында көркөм чечилгендиги белгиленет. И.Гучке жогоруда аталган эмгегинде: «Айтматовдун каармандарынын көпчүлүгүндө ички карама-каршылыктар бар экендиги байкалат. Так ошол карама-каршылыктар образдардын турмуштагыдай өзгөрүп-өнүгүшүнүн өбөлгөсү болуп, турмуш чындыгы менен ар тараптуу байланыштырып турат»,[1] - дейт. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева). Ошондой эле “Айтматов өзүнүн каармандарына өтө катаал. Бир гана Жамийла менен Данияр гана өз бактыларын табышат. Башка каармандарынын бардыгы



[1] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

өзүлөрүнүн «Кыяматына» кабылышат. Сейде өз күйөөсүн дезертир катары кармап берүүгө мажбур болот. Алтынай Дүйшөндүн чечкинсиздигинен жабыр тартат. Толгонай согуштун кесепетинен үй-бүлөсүнөн ажырайт. Кыргыздын кичинекей баласы менен үч нифх адамы өзүлөрүнүн тазалыктарын, аруулуктарын далилдеш үчүн суута чөгүшөт. Органга кыялында болсо да айымбалыкка болгон сагынычы тынчтык бербей келет. Едигей да Танабайдын тагдырындай тагдырга туш болот: Зарипага сүйүүсүн билдире электе, ал көчүп кетет. Авдий болсо дарга асылат, Бостон өз баласын атып алат» [2]деген оюн айтат. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева).

«Айтматов ар бир чыгармасында адамдын мүмкүнчүлүгүнүн ар кандай экендигин өзүнүн көркөм ой жүгүртүүсүнө ширелиштирип, “таза чечим” кабыл алып, окурмандардын таразасына коёт. Ошондой болсо да Айтматовдун каармандарынын



[2] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

тагдырына карата окурмандар тараптан баёо көз караштар да айтыла калып жүрөт (Айталы, Эмне үчүн “Ак кеме” повестиндеги бала өзүн өзү өлтүрүшү керек эле? Кирискинин көз кайкыган мүхитте кайыкка жалгыз калтырууну туура деп ойлойсузбу?).

1985-жылы республиканын салтанат өтүүчү сарайларынын биринде өткөрүлгөн иш-чарада эл ичинен бирөө Айтматовго суроо узаткан: Сиздин “Кылым карытар бир күн” романыңызда Зарипанын кетип калышы чындап эле зарыл беле? Чыгарманын ушул жеринде окуяны башкача өнүктүрсөңүз кандай болмок? Айтматов так ушул суроонун тегерегинде ойлонгондугун айтуу менен, Эдигейдин курагындагы адамдын кечигип келген махабатка карата болгон мамилесин, жан дүйнөсүндө болуп жаткан тоз-тополоңдорду реалдуу көрсөтүү максатын койгондугун кошумчалаган. Зарипа кеткенден кийин Эдигейдин чечими анын жаш курагын эске алганда акылга сыйарлык болдубу? Эдигей Зарипаны жоготкондо бул жарык дүйнөнү, жада калса Кудайды каргап сыздашы трагедиялуу махабаттын турмуш чындыгы катары сүрөттөлүшү экендиги

туурасындагы оюн билдирген»,[3] - дейт И.Гучке. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г.Сатаева).

Айтматовдун көркөм идеяларын акылдын жеңиши катары кабылдоодон мурун жазуучу кандай гана болбосун жаратууга бел байлаган анын эстетикалык идеалдарынын тегерегинде ой жүгүртүү зарыл. Дегенибиз анын каармандары түмөн түйшүккө, тоскоолдуктарга карабай өзүнүн адамдык жүзүн сактап калгандыктары менен баалуу. Бири жакшылык жасоо тилеги менен өзүн курмандык кылса, дагы бир каарманы аруу махабатка өмүрүн таберик кылат. Зарипа Эдигей үчүн (окурмандар үчүн да) түбөлүккө жаш бойдон, сулуу бойдон, чыдамкай, күчтүү экенине карабай назик бойдон кала берет. Эдигей башына түшкөн оор кайгыны адамдык улуу парасаты менен жеңип чыгышы турмуштук өзгөрбөс, тажатма чындыгын поэзиянын жеңиши катары да түшүнсөк болот. Мындай жеңиштин куну



[3] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

көрпенделик, ыңгайлуу, көнүмүш өмүр кечирүүдөн баш тартуу экендигин Айтматовдун ар бир чыгармасынан көрөбүз.

Немис окумуштуусу Чыңгыз Айтматовдун каармандарына чечүүчү мезгилде чечкиндүүлүк мүнөздүү экендигин туура баамдайт, акыры келип ал чечкиндүүлүк, же каармандын тандоосу алардын адамдык сапаттарынын бийик көрсөткүчү болорун так белгилейт.

«Айтматовдун жаш каармандары бардык тоскоолдуктарга моюн сунбай бет алган максаттарына ишенимдүү кадам шилтешет. «Мен келдим, мен сага өзүм келдим», - деп суу чайыган көйнөгү менен Жамийла Даниярга өзү келсе, Дүйшөн өзүнүн чала-сабат экенине карабай, элдин аны колдомок тургай шылдыңдап күлгөнүнө карабай, атүгүл карышкырлар кол салып, бандиттердин аткылаганына да карабастан, тиш какшаткан муздак суу кечип балдарды окутуп, аруу тилек, асыл ой менен алдыга кадам шилтейт. «Кызыл жоолук жалжалым» повестиндеги Илиястын жаңылыштык кетирип, кайра оңолушу – бул адамдын жан-

дүйнөсүнүн тазарышынын, жаңырышынын татаал диалектикасынын бир мыкты көрүнүшү»,- дейт адабиятчы И. Гучке[4]. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева). Ушул эле оюн андан ары улап, дагы бекемдөө максатында: «Акчанын аркасынан кууган Абакир айланадагылардын баарын өзүнө баш ийдиргиси келет. Айтматовдук логикага ылайык, айдың талаадан алган ички күч-кубатка эгедер болгон Кемел Абакирдин зулум күчүнө туруштук берип аны жеңиши керек эле. Бирок өз текебердиги менен таш боордугунун кулу болгон Абакир чыгарманын соңунда жерден таап алган темирди алтын санап элден бөлүнүп кетип бараткандыгы баяндалат. Чыгарманын финалы бир караганда атайын ойлоп табылгандай сезилип кетет. Бирок сөз болуп жаткан чыгармада каармандардын көңүл-туйгу маанайы жашоого болгон мамиле-ниеттери таасын чагылдырылып, адамдын тагдыры анын кыялына, аксанатай ойлоруна да байланыштуу



[4] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

болоору баяндалган»[5],- дейт. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева).

Ал эми Р. Шрөдер баштаган бир тобу Айтматовдун оң каармандары тууралуу ой жүгүртүп: “Жазуучу бул маселеде классикалык адабияттын традицияларын улантуучу экендигин белгилешет. Анын каармандары өзүнүн, мекенинин, замандаштарынын алдындагы милдетин ачык-айкын сезген, жаркын маанайлуу, эмгекчил, кайратман адамдар экендигин айтышат. Айтматов алардын жан дүйнөсүнө кеңири, терең анализ бере алат”,[6] - деген оюн айтат. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон– Г.Сатаева).



Чынында да Айтматов – бүт өмүрүн адам тагдыры менен аалам тагдырын сүрөттөөгө арнаган улуу сүрөткер. Аны кызыктырган башкы проблема: адам жана табият, адамдын адамдык касиети-сапаты, табият алдындагы улуулугу. Башкача айтканда,

---

[5] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

[6] Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

жазуучуну кызыктырган маселе - адам жөнүндөгү нукура философиялык- ыймандык проблема. Ушундай идеялык максатка байланыштуу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын көркөмдүк түзүлүшү да өтө татаал. Анда реалдуулук менен шарттуулук айкаш келип, бири-бирине өтмө катар өтүп, өзүнчө бир бүткөн көркөм организмди түзөт. Турмуш менен мифти, реалдуулук менен шарттуулукту айкалыштыруу аркылуу жазуучу укмуштай көркөмдүк негиз түзөт да, адам жөнүндөгү философиялык жалпылоого жетишет. Бул жалпылоо боюнча: адам кандай гана татаал, кандай гана кыйын абалда калбасын, ал өзүнүн бийик адамдык наамын, адамдык мартабасын түшүрбөөгө тийиш.



Айтматовдун чыгармаларынын тарыхый - социалдык негиздеринин тереңдиги, автордук позициянын ачыктыгы (айрыкча кийинки чыгармаларында) адамдын коомдогу абалы, психологиясы, адептик-ыймандык табылгалары жана жоготуулары жөнүндө ар тараптуу, реалдуу маалыматтарды берүү менен коомдук-философиялык ойду, азыркы адамдын көз карашын

калыптандырууда чоң роль ойнойт. Адам проблемасы жалаң эстетиканын чегинде карала турган нерсе эмес, ал адегенде коомдук сферада, тарыхта өз ордун аныктайт, анан адабияттын предметине айланат. Адам – бул тарыхтын субъектиси эле эмес, объектиси да болуп эсептелет. Айтматов да адам менен коомдун, тарыхтын өз ара катышын ушул жагдайда да карап: “Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт”,[7] - дейт. Сүрөткер адамды адабиятта сүрөттөөнүн маанилүү проблемаларына дайыма кайрылып келет. Мисалы айтылуу “Жамийла” повестинде Жамийланын өз укугу үчүн күрөшү феодалдык каада-салт али бекем турган мезгилде сүрөттөлөт. Экинчиден, совет эли немистик баскынчыларга каршы күрөшүп жаткан мезгил эле. Ушундай шартта Жамийланын Даниярды сүйүп, согушта жүргөн күйөөсүн таштап кетиши ойго



[7] Айтматов, Ч. Т. Тутумдашуу түйүнү. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт [Текст] / Ч. Т. Айтматов, В. Г.Коркин // Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек, 2008.- Т.8.- 273-288 б.

келбес нерсе эле. Чынгыз Айтматов Даниярдын махабатынын күчүн, рух тазалыгын анын ыры аркылуу, ырды адамды ачуунун бир поэтикалык каражаты катары жогорку чеберчиликте ишке ашырат. Немис окумуштуусу Хорст Флигеге бул ыр күчтүү таасир калтырган. Хорст Флиге өзүнүн эмоционалдык көз карашын: “Мен бийик ыр жана искусствонун көркөм сүрөттөлүшүнүн мындан артык көркөмдөлүшүн билбейм”,- деп айтканы бар. Даниярдын ыры адабиятчынын пикири боюнча Жамийланы күчтүү өзгөрттү.



“Анын махабатынын жана Даниярга болгон ыраазычылыгынын жардамы менен Жамийла баардык чектөөлөрдөн жана артта калгандыктан бошонот. Аны менен качканда гана ал кылымдык ырым-жырымдарды ашып өтүп, алардын үстүндө жогорулап, анын эркиндикти жана өз тагдырын өзү чечүүсү, чыныгы бакыт жана адамдык улуулук укуктарын коргой баштайт. Жамийланын махабат күчүнөн, иштен жана искусстводон алган сулуулук жана бийиктиги анын кайнисинде сыйды жана таанууну пайда кылып, жадагалса кайненеси

тарабынан кабыл алынды. Оң үлгүнүн күчү башка адамдарга чыгармада да, турмушта да таасирсиз калып калбайт. Новелланын мааниси ушуга негизделген” – деген олуттуу пикирин айткан. Айтматовдун чыгармалары боюнча оюн андан ары улап, автор “Жамийладагыдай” чын болбосо да, Айтматов “Ботокөз” новелласында да каармандардын жан дүйнөсүн ачып көрсөтө алды. Бул чыгармада да Айтматов өтө маанилүү коомдук теманы баса белгилеп кетет. Кайра социалисттик адамдын келбетин аныктоо жөнүндө сөз болот. Окуя аңгемечи Кемел мектептен кийин ыктыярчы катары барган дың жерде Анархай талаасында болуп өтөт. Ал бир нече кишилер менен бирге талаа лагеринде жашап жатканда, Абакирде анын түз антиподу өсөт. Абакир менен Кемелдин ортосундагы талашта Айтматов биздин социалисттик коомдун жумушчу кишилеринин образы жөнүндө маселелерди көтөрүп, аларга жооп берет”, [8]- дейт. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева).

[8] Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.

Хорст Флигенин пикиринде “Кемел “нагыз социалисттик каарман” катары көрсөтүлгөн. Ал Абакир менен кармашат жана бул кармашуудан адеп-ахлак жактан жеңүүчү болуп чыгат. Адамдык мамилелерде ал таза махабатка зээндүү жана улуу бир кадамдарга бара алган, өзүмчүлдүккө жат болгон жана баардыгына жоопкерчиликти алып турган анык гуманист” [9]. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон– Г. Сатаева).

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык ийгилигинин бирден бир сыры ал өз чыгармаларын жаратууда улуттук алкактан чыгып, жалпы адамзаттык, планетардык ой жүгүртүүнүн деңгээлине көтөрүлгөндүгүндө экендигин жазуучунун чыгармачылыгын изилдеген окумуштуулар бир ооздон белгилешет. Жазуучу эмне жөнүндө жазбасын анда жалпы адамзаттык проблемалар көтөрүлүп, ал



[9] Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.
[10] Опиц, Р. Изображение героя нашего времени в повестях Айтматова [Текст] / Р. Опиц // Чингиз Айтматов в Германии: исслед., ст., рец. о творчестве. – Бишкек, 1991. – С. 18-19.

жөнүндө ойлонуу маселеси азыркы күндүн адамдарынын алдына кырынан коюлат. Немис окумуштуулары да Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы бул өзгөчөлүктү өз изилдөөлөрүндө башкы нерсе катары белгилешкендигин жана бул маселеге карата ар кыл ойлор айтылгандыгын көрөбүз. Мисалы, Чыңгыз Айтматовдун прозаларында коомдун өнүгүшүнүн татаал жолдорун чагылдырuусун мүнөздөөдө немис окумуштуусу жана сынчысы Р. Опиц өзүнүн "Изображение героя нашего времени в повестях Айтматова" деген макаласында бул татаал жолдордогу келип чыккан конфликтер бир гана улуттуку эмес, азыркы замандын жалпы проблемалары экендигин Чыңгыз Айтматов ачып көрсөткөндүгүн белгилеп өтөт. [10] (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г.Сатаева).

Мындай ойду советтик адабияттаануучу жана сынчы Г. Гачев: "Чынгыз Айтматов – бүтүндөй Евразиянын жазуучусу. Анын Кыргызстаны элдердин жана алар алып жүргөн маданияттардын тогошкон кесилиши. Тоолорду мекендеген элдердин, көчмөн элдердин, дыйканчылык менен жан баккан элдердин маданияттары Индия цивилизациясында жана буддизмде бириксе (Монголиядагы жана Тибеттеги ламаизм), ислам маданиятында түрк жана фарсий маданияттарынын таасирлери байкалат. Ал эми соңку мезгилдерде Россиянын маданиятынын Европа цивилизациясына тийгизген таасири ачык байкалууда.

Ушул традициялардын баары Айтматовдун чыгармачылыгында өз ордун алган",[11]- деп билдирген.

Профессор Х. Флиге Эрфуртта өткөн конференцияда чыгып сүйлөгөн сөзүндө Айтматовдун ошол кездеги адабияттагы орду негизинен улуттук жана эл аралык айкалышуусу



[11]Гачев, Г. Чингиз Айтматов и мировая литература [Текст] / Г. Гачев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 284 .

менен аныкталып, мына ушунун негизинде анын талантынын өркүндөп-өсүп жаткандыгын айтып өткөн. Ушундай эле ойду Шрөдер да «Entdecker menschlichen Große im Alltagsleben» (Величие человека в повседневной жизни) деген макаласында: «Кыргыз совет жазуучусу Ч. Айтматов өз өлкөсүнүн адабият айдыңына улуттук деңгээлден чыгып адамзаттык деңгээлдеги маселелерди козгоо менен кирди»[12],- деп жазган. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г.Сатаева).

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгында улуттук маселеге караганда жалпы адамзаттык маселеге негизги орун бергендигин жазуучунун өзгөчө жетишкендиги деп таанышканын билсек болот. Чындыгында бул Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына берген туура баа. Жазуучу бир караганда улуттуктай көрүнгөн маселелерди чагылдырып жатып эле ошол эле учурда жалпы адамзаттын көйгөйүн чагылдырууга чебер уста.



[12] Шагалова, Е.И. Творчество Ч. Айтматова в критике ГДР: воссоздание национального своеобразия его повестей немецких переводах [Текст]: дис. … канд. филол. наук. / Е. И. Шагалова - Фрунзе, 1984.- 152 с.

Анын чыгармаларында улуттук кайсы жерден башталып, жалпы адамзаттык деген проблемаларга кайсы учурда өтүп кеткенин окурман сезбей калат, тактап айтканда, Айтматов – өз чыгармаларында улуттук менен жалпы адамзаттыкты синтездөөнүн жогорку көркөм эстетикалык бийиктигине жеткен жазуучу.

Айтылган пикирибизди Чыңгыз Айтматовдун “Атадан калган туяк” аңгемесине анализ жасаган немис окумуштуусу Люсия Игель мындайча тастыктайт. Ал “Атадан калган туяк” аңгемеси чакан формадагы шедевр” деген макаласында: “Бир гана суроо берүү калат: Бизге – ГДРнын эмгекчилерине совет жазуучусу, а бул жерде кыргыз жазуучусу эмне айта алат? Ал өз өлкөсүндөгү мамилелерди сүрөттөп берип жатпайбы. А бирок ал мекендештеринин турмушундагы өзгөчө критикалык абалды, кыргыз элет элдеринин кээ бир учурларда биз да башыбыздан өткөргөн ар кандай жашоо көйгөйлөрүн ачыкка чыгаргандыгы кызыктырат. Айтматовдун баардык мага белгилүү чыгармаларында анын образдары пайда болгон белгилүү ички карама-

каршылыктар менен күрөшүү жагдайда чагылдырылат. Ал каармандарды кандай жүйөлөр бул же тиги аракеттерге түртүп жатканын, алардын мүнөздөрү кантип өркүндөп өсүп атканын жана жеке инсандык тарап кантип ачылып атканын түшүндүрөт. Ал улам-улам адамдын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө болгон жеке жолдорду баяндап берип турат",[13] - дейт. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева).

Чындыгында да бул Чынгыз Айтматовдун Адам тагдырын сүрөттөөдөгү өзгөчө чеберчилиги. Немис окумуштуулары ушул өзгөчөлүктү туура баамдап, көрсөтө алышкан десек эч жаңылышпайбыз.



Айтматовдун чыгармачылык ийгилигинин сырлары тууралуу Германиянын белгилүү сынчысы жана адабиятчысы Х. Лоренц өзүнүн «Айтматов в контексте молодых литератур» деген макаласында: «Книги писателя глубоко волнуют немецких читателей также постановкой и исследованием в них

[13] WWW.REZENSIONEN.DE. 2006. 14.11.

животрепещущих проблем современности»,[14] - деп жазат.

Айтматовдун китептеринин немис окуучуларына терең таасир эткендигинин дагы бир далилин Урсула Юкенбургдун “Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасынын келечектеги педагог катары мен үчүн мааниси” деген макаласындагы төмөнкү ойлор далилдеп турат: ”Кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов бизде ГДРде өтө белгилүү. Мунун анын китептерин дүкөндөрдө табуу өтө татаал экендиги айгинелейт. Анын китептери тез арада эле жарыкка чыкканда сатылып кетет. Анын бир чыгармасы мага өзгөчө таасир тийгизди. Ал “Биринчи мугалим” чыгармасы. Эмне үчүн ал чыгарма мага ушунчалык жаккандыгын түшүндүрүү өтө оор. Балким бул мен келечектеги педагог болгондугума, Дүйшөн сыяктуу балдарга сабак бергендигиме байланыштуу. Албетте менин окутуучу катары иштей баштаган жагдайым Дүйшөндүн ишмердүүлүгүнүн башталышынан



[14] Салиев, А. Жаркыраган талант [Текст] / А. Салиев. - Ала-Тоо.- 1963.- № 5. -15- б.

айырмаланып турат. Кандайдыр бир окутуу методикасыз, окуу китептерисиз, өзү чектелген гана окуу жана жазуу ыктарына ээ болуу шартында ал жан дүйнөсү менен берилип, окуучуларына сабак берет. Муну менен бирге ал өтө чоң чыдамдуулугун көргөзөт. Өзгөчө мага анын кыштакта биринчи мектепте уюштурганда шаттуу көз карашы, иштиктүүлүгү жана максатка умтулгандыгы жагымдуу таасир калтырат. Аны ошондой эле элет жашоочулары менен карама-каршы келген мамилелер, идеологиялык татаалдыктар кармабайт"[15] – деген. (Немис тилинен кыргыз тилине которгон – Г. Сатаева). Анын себебин автор түшүндүрүүгө аракет кылат. "Бул негизинен анын социализм жеңишине ишенимдүүлүгү, Ата Мекенине болгон, өзгөчө балдарга болгон сүйүүсү, шаттуу көз караштары, анын ишмердүүлүгү жана башка Дүйшөндү социалисттик инсан, мугалим жана үлгү катары көргөзгөн баалуулуктары", [16]- дейт . Автордун пикири боюнча Дүйшөн "Ал балдарды

[15] Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.
[16] Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.

өзүнүн кылган иши менен адамзатка жана алардын бакытына кызмат кылган бардык нерселер үчүн эрдик менен күрөшүүгө үйрөтөт[17].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтматов, Ч. Т. Тутумдашуу түйүнү. Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт [Текст] / Ч. Т. Айтматов, В. Г.Коркин // Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек, 2008.- Т.8.- 273-288 б.

2. Гачев, Г. Чингиз Айтматов и мировая литература [Текст] / Г. Гачев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 284 .

3. Gutschke, I. Menschheitsfragen, Märchen, Mythen zum Werk Aitmatows [Text] / I.Gutschke. – Leipzig: Verlag Halle Leipzig, 1987. – 131 s.

4. Опиц, Р. Изображение героя нашего времени в повестях Айтматова [Текст] / Р. Опиц // Чингиз



[17] Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.

Айтматов в Германии: исслед., ст., рец. о творчестве. – Бишкек, 1991. – С. 18-19.

a. Werk und Wirkung. Erfurt, Berlin,1972. S. 75.

5. Шагалова, Е.И. Творчество Ч. Айтматова в критике ГДР: воссоздание национального своеобразия его повестей немецких переводах [Текст]: дис. … канд. филол. наук. / Е. И. Шагалова - Фрунзе, 1984.- 152 с.

6. WWW.REZENSIONEN.DE. 2006. 14.11.

# Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ТАБИЯТ ТУУРАЛУУ КЪЗ КАРАШТАРДЫН БЕРИЛИШИ

# VIEWS ON NATURE IN THE WORKS OF CH. AITMATOV

***Омуралиева Гулсара Кушатовна***

Бул макала д\йнъ элине белгил\\, залкар жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы табият, жаныбарлар, ъс\мд\ктър жана алардын адам баласынын турмушу менен байланыштырылган къз караштар тууралуу жазылган.

Бир нече ирет Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, заманыбыздын залкар жазуучусу, Кыргыз эл батыры, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын академиги, улуттук жана д\йнъл\к маданий мейкиндикти ън\кт\р\\гъ жана чыёдоого кошкон зор салымы бар, ошондой эле къп тараптуу \з\рл\\ коомдук-саясий ишмер, Эл жазуучусу, д\йнъл\к адабияттын кайталангыс кър\н\ш\ - Чынгыз Търъкулович Айтматовдун чыгармалары ълкъб\здъ эле эмес, тъгърълт\н търт бурчуна т\гъл таанымал. Ата Мекенибиздин гана эмес, анын чегинен

тышкары жерлерде болсун калемгердин даёкы далай элге угулуп, китептери улуу менен кич\\н\н с\ймънч\л\г\нъ айланып, окуучулар аудиториясы абдан кеёейген. Себеби, залкар жазуучуга активд\\ атуулдуулук, гумандуулук, кърkъмд\\л\к, философиялык тереёдик жана азыркы замандан эё кыйын деп эсептелген маселелерин чеч\\ касиеттери м\нъзд\\. Айтматовдун жазуучулук философиясы адамдын улуулугуна, жаратылыштын т\бъл\кт\\л\г\нъ, ыйык гуманизмге, асылдык идеясына барып такалат [1].



Айтматовдун концепцияларында, адамдын табият менен ымалашуусунун, адам менен табияттын ортосундагы мамилесинин, табият жън\ндъ адамдын ички жан д\йнъс\н\н чектери кеёеет, табигый жаратылыш, анын чыгармачылыгында адамдын турмушун баалоонун ъзгъчълънгън критерийи деп эсептелинет, табияттын ъзгъчълънгън мыйзамдары, сулуулугу - гармониясы бар, эркин ж\р\п туруучу ъз алдынча стихия катары каралат. Айрым учурда табигый жаратылыш - катаал да боло ала

тургандыгы, бирок ар дайым чыгарманын акырында акыйкаттык ал жакта болору ачык с\ръттълът

Чынгыз Айтматовдун адепки позициясын, философиялык негизин, керемет табигый жаратылышты с\ръттъс\н байкоо \ч\н «Ботогъз булак» повестинен \з\нд\ келтирип кърсл\: «Асманга жылдыз батпай, кай бири даркан талаанын четине агылып т\ш\п жатты. Тегерек булактын къз\ жылтыр тунук, т\пс\з тереё кър\нът. Асмандагы жылдыздар, ат\г\л б\т\ндъй асман ушул кичинекей чъйчъккъ батып тургансыйт. Жылдыздар булак т\б\нън къктъг\дън бетер суктандырып жымыёдашат, сузуп алып, айланадагы караёгы т\нгъ алтын учкун ширенди чачкандай чачсаё болчудай. Булактын агып чыгып жаткан оозунда жылдыздыр да кошо агып кетип жатат. Береги тунуп турган чордонунда болсо, куду къктъг\дъй болуп жылтылдашат. Аны карап отуруп, ойго чъм\лд\м: талаанын кайнар булагы адамдын жан д\йнъс\нъ окшош белем, кээде адамдын да дили тазаланып, къё\л\ кътър\л\п турган чакта, кыялыё алып-учуп турган чакта, жан д\йнъёъ б\т\ндъй аалам батып турабы дейм… Булак башында

олтуруп, т\н жамынган талаа сырына чъм\лд\м, кулак т\р\п, дилимди ачып коюп, мемиреген т\нк\ талаанын табиятын жан д\йнъмъ сиёирип олтурдум, кыялым кошулуп, къз алдымда не бир ажайып элестер тартылды …» [4]. Бул таамай с\ръттъългъ тереё къё\л буруп кърьл\: кайнар булак жана жылдызы батпаган асман, адам жана аалам. Башкача айтканда, кичинекейлик жана улуулукту жеке адам жана адамзатты катар коюу принцибинде т\з\лгън образдар. Кайнар булактын чъйчъкт\н чордонунан жылдызы батпаган асман чагылышып кър\нгън сыёары, жазуучу жекече алынган адамдын жан д\йнъс\нъ б\т\ндъй ааламды батыргысы келет. Дал ушунун ъз\ндъ жазуучунун адамга жана ааламга болгон эстетикалык мамилесинин негизделиши байкалат. Б\тк\л д\йнън\ бир ъз\нъ батырып с\ръттън\ къздъйт. Б\тк\л д\йнън\ бир ъз\нъ батыруу, сыйдыруу идеясы чыгарманын каарманы Кемелдин романтикасын тереё философиялык мазмун менен с\ръттъйт.



Жазуучу жаныбарлар д\йнъс\ тууралуу жазганда, анын ар бир жаныбарды м\нъздъс\ ъз\нчъ

татаал символика болуп саналат. Мисалы: Гульсарынын, Каранардын, Ташчайнардын, Акбаранын, Жаабарстын с\рътт ългън образдары, адамдардын – Танабайдын, Едигейдин, Бостондун, Арсендин образдарынан кем калбайт.  Жазуучунун чыгармаларында жаратылыш адамдардын жашоосун – ички д\йнъс\н таразалаган ъзгъчъ критреийлик роль ойнойт. Айтматов \ч\н табият ъз\н\н ъзгъчъ сулуу, кооз эркин мыйзамы менен жашап жаткан ъз алдынча стихия сыяктуу. «Г\лсарат» повестинде с\ръттългън айылдык чъйръ ъз\н\н б\тк\л реалдуу турмуштун шарттары, Тоо-ташы, суу-сайы, чъп-чары, аба-ырайы, кышы-жазы, ыссык-суугу менен, андагы жашаган адамдары, кары-жашы, эркек-аялы, жакшы - жаманы менен, бардыгы кадимки эле тоонун этегинде жайланышкан кыргыз айылын  элестетет [2]. Г\лсары жоргонун туулушунан баштап, картайган ъл\м\нъ чейинки тагдыры Танабайдын турмушуна \ндъш\п, жанаша ж\р\п,  жылкынын тагдыры адамдын жашоо ъм\р\нъ т\здън-т\з  окшошуп, адам баласынын жаныбарларга жасаган позитивд\\ мамилеси чагылдырылган.

«Кыямат» романы абдан белгил\\ чыгарма, себеби анда азыркы мезгилдеги актуалдуу проблемалар берилген. Кыямат - бул кыйкырык, автордун чакырыгы жер ж\з\ндъ жашоону, булганган табиятты сактоо \ч\н чараларды кър\\гъ \ндъйт. Романда экологиялык проблемалар, адамгерчилик, наркоманиялык коркунуч късигъйлър\ сыяктуу орчундуу маселелер, ойлор козголот. Чыгарма Гетонун съз\ менен башталат: «Жаратылыш тамашаны кабыл албайт. Каталар жана адашуу адамдарда гана болот». Баяндоо Акбара менен Ташчайнар аттуу карышкырлардын \й б\лъс\н\н тынч жашоосун Моюнкумда с\ръттъъ менен башталат. Эт планын толтуруу боюнча жаныбарлар д\йнъс\н кыруу коркунучтуу жана кандуу кыймыл катары кърсът\лът. Айланадагы бардык жандуу жаныбарлар атылган. Ал эми адамдар болсо табиятка ъз билемчилик мамиле жасап, эт планын тапшыруу аткарылгандыгына с\й\н\шът. Карышкырлар 3 жолу жер которуп, ъз балдарын тынч ъст\р\\н\ каалашкан, бирок, 3 жолу теё таш боор тагдыр аларды балдарынан ажыраткан. Акбаранын бълт\р\ктър\нъ

болгон с\й\\с\ - бул анын аё сезимд\\ эмес жаныбарлык инстинкт. Ал эми аё сезимд\\ энелик кам кър\\, эркелет\\ - бул жер ж\з\ндъг\ аял затка гана м\нъзд\\. Акбара эне табиятта эне катары, ъз\н\н тукумун сактагысы келет. Акбаранын Бостондун баласын ала качышы, Бостондун бир атуу менен Акбара менен баланын ъл\ш\ чоё кайгы алып келет.

«Ак кеме» повестинде «М\й\зд\\ бугу эне» легендасы - ъткън заман менен азыркы замандын ажырымын бириктирген, кечээги элдин даанышман тарыхый тажрыйбасын камтыган жана келечектеги коомдун асылдык менен кооздукка сугарылган рухий байлыгы. Бул повесттеги жазуучунун максаты – экологиялык тарбия бер\\гъ багытталып, адамдардын ыйманын ойготуу маселеси экенин анын тъмъндъг\ эскер\\с\нън т\ш\н\\гъ болот: «Бир жолу Соё-Кълдън келе жатканда браконьерлер биздин машинеге бугунун ъл\г\н салат, ошону кър\п, ошондон катуу къё\л\м калган, ошондо чыгарманын т\пк\ т\й\лд\г\ пайда болгон» [3].

Кооз жаратылышты коргоого \ндъгън, адам менен жаратылыштын байланышын чыёдаган, табият

менен адамдын таттуу мамилесин бекемдеген «Ак кеме» повестинин жарыкка келиши б\т\ндъй коомчулук \ч\н к\т\\с\з болду. Жазуучу адам менен табият гармониялык ширелешкен биримдикте жашаш керек экендигин «М\й\зд\\ бугу-Эне» мифи аркылуу туюндура алган. Чыгарманын негизин «М\й\зд\\ Бугу энеге» байланыштуу легенда менен токой коругунда жашаган адамдардын реалдуу турмушу т\зът. Автор кыргыз элинин байыркы тарыхында, азыркы к\нд\н талабы менен къз чаптырып, кылымдар бою муундан - муунга калган рухий маданиятына таянат.



«Ак кеме» повестинде ъз аты, энчил\\ аты жок баланын ъз «д\йнъс\» бар. Анын д\йнъс\ тъмъндъг\дъй с\ръттълът: ар т\рд\\ таштар, «ээр таш», «кашабаё», «таёке таш», ж.б. ар т\рд\\ чъптър, г\лдър, аларды да «кыял м\нъз\нъ» жараша бъл\шт\р\п алган, «жакшысы» бар, «жаманы» бар, ал турмак «ачуулусу» да бар. Бала айлана-чъйръс\н б\т жаратылышты «жандуудай» кабыл алат, таш да, чъп да, д\рб\ да, портфель да, баары теё ага «жандуудай», баары теё бъл\нбъс, ажырагыс бир б\т\н организмдей

сезилет. Ал кадимкидей алар менен с\йлъшът, сырдашат, ал турмак жаёы досу портфелге ъз\н\н эё аянычтуу М\й\зд\\ Эне жън\ндъг\ жомогун айтып берет. Окуянын ж\р\ш\ндъ М\й\зд\\ эне жън\ндъг\ жомокту карыя Момун эмес, баланын айтышы айрыкча къркъмд\к – функционалдык мааниге ээ. Анткени, бала М\й\зд\\ Эненин табиятта бар экендигине, ал эртеби кечпи бир келерине, шаа м\й\з\нъ кондуруп, алтын бешик – бакыт алып келерине чексиз ишенет. Ошон \ч\н М\й\зд\\ Энедей табиятта ыйык эч нерсе жок. Ушул ишенимине б\т бойдон берилген бала \ч короонун турмушу, адамдар арасындагы татаал байланыштар качандыр бир ъзгър\л\п, бир бактылуу к\н келерин чыдамсыздык менен к\тът.

Чыгармада балага таятасы Момун чал айтып берген М\й\зд\\ Энеден башка табиятта ыйык нерсе жок. Бугу эне кыргыз тоолорундагы реалдуу бугу гана эмес, баарынан мурда ата-бабадан келе жаткан эзелки мурас, символ, ыйык эненин элеси, адам баласы тутунган идея. Ага кол къту\\ энеге кол къту\\ менен барабар, бала дал ушундай кабыл

алат, ушундай т\ш\нът. Ошондуктан, тоодогу реалдуу бугуну атуу, анын м\й\з\н чабуу – бул бала \ч\н кадимкидей эле байыркы адам тукумун апааттан сактап калган М\й\зд\\ Энеге кол салуу менен барабар. Бул окуя тууралуу повестте мындайча баяндалат: «Бала тиштенип кыймылсыз жатты. Ал ж\рьг\ айлангандан карманып тиштенбеди. М\й\зд\\ бугу Энени ълт\р\п, этин жеп жаткан мобул кишилерди эчтеме кыла албаган алсыздыгына жаны кашайып, ыйлап жибер\\дън карманып, тиштенип жатты. Кантип жазалап, кантип Бугу Эненин кунун кууштун ар т\рк\н жолун ойлоду, эмне кылганда булар эё жаман кыянатчылык иш кылганын билер эле, канткенде булар ък\н\п, бармактарын тиштенер эле, кудайга зар какшап ыйлаар эле, ошонун жолдорун ойлоп жатты. Бирок, колунан келээр айла таппады» [4]. 

Повестте, Орозкул бийликтин кишиси, бийлик \ч\н ал баарына барат, эч кандай кыянатчылык астында токтобойт, анын жаратылышка, ъс\мд\ктъргъ, жаныбарларга, адамдарга жасаган мамилесин кър\п, бала аны «фашист» деп атайт.

Табиятка болгон къз караш, жаныбарларга, ъс\мд\ктъргъ аяр мамиле, аларды коргооо, с\й\\ маселелри, карасанатайлык, арамдык менен элдеше албаган жаш баланын образы аркылуу берилет. Бала б\т ж\ръг\, б\т дили менен ишенген сыйкырдуу бугу Энеге жандай кългън таятасы Момун ъз колу менен ок чыгарып жатса, Ороскул болсо башын балталап, м\й\з\н талкаласа, мындай мыкаачылык, мындай зомбулук менен бала эч качан келише албайт, кънбъйт, ал ъз\н\н б\т\ндъй балалык тазалыгы, наристелиги менен ага каршы турат, эё айласы куруганда ъз\н\н «Ак кемесин издеп», балык болуп с\з\п кетет. Мындай жырткычтыкка адамдык сапатынан ажырагандар гана барат, ал эми мындай касиет сапатын жоготкондор менен бала эч качан бирге жашай албайт. Чыгарманы окуган жаш муундар, окуучулар \ч\н, бул окуянын экологиялык жактан чоё тарбиялык мааниси бар экендиги талашсыз [5].

Атагы ааламды аралап кеткен алп с\ръткердин сыйкырдуу калеми тууралуу съз учугу чексиз. Анын сыры тереё, ою кенен къп катмарлуу чыгармалары,

публистикалык макалалары, берген интервьюларында, форум, симпозиум, конференцияларда чыгып с\йлъгън създър\нъ къп сандаган адабий талдоолор, ой бъл\ш\\лърдъ, ага берилген суроолорго берген жооптору, анын келечекти къръ бил\\с\, таамай айткан акылман създър\ ътъ къп, алардын ар бирине токтолуп, бир макаланын ичине камтуу м\мк\н эмес. Ошондой болсо да алардын бир нечесине учкай токтолуп кет\\н\ ылайык деп чечтик.



«Д\йнъ татаалданып барат» деген макалада, «Молодой коммунист» журналынын кабарчыларына берген интервьюсунда ага берилген тъмънк\ суроолорго: Адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелердин улам курчуп, татаалданып бара жаткандыгы, табиятка коркунуч болуп жаткандыгы, аны чектъъ керектиги жън\ндъ сиздин къз карашыёыз кандай, табиятка кандай мамиле зарыл? – деген суроого жазуучу мындайча жооп берет: «Ълкън\н ар бир гражданини, кары-жышы дебей, ъз жеринин къл, дарыялары, токойлору айбанаттары, бир съз менен айтканда анын табигый

кърк\, куту \ч\н жеке жоопкерчилигин сезе билгендей деёгээлде тарбиялоо зарыл. Муну ар бир балага кичинесинен, мындайча айтканда «бешиктен бели чыга элек кезинен» баштап, атайлап мажбурлабай, зордобой, жън гана, акырындык менен, колдо болгон таасир эт\\ч\ каражаттардын бардыгын пайдаланып \йрът\\ оё. Буга мектеп, \й-б\лъ, радио, телевидение, басма съз – бардыгы тартылышы керек…..». 1972 жыл. [5].

Калемгердин берген жообу, экологиялык тарбияны зарылдыгы, аны эё жаш мезгилден, бешиктеги мезгилден баштоо керек экендиги тууралуу эскертет. Педагогдордун жана экологдордун ойлору боюнча табиятты тааныттуу, аны туура кабыл алдыруу, с\йд\р\\, коргоо, аяр мамиле жасоо маселелри б.а. экологиялык тарбия жана билим бер\\ инсандын эё жаш, мектепке чейинки мезгилинен \йрът\\ зарыл. Келечектеги муундардын жаратылышты коргоо сезимдеринин туура жолго коюулушу адат катары калыптануусунда, к\ндъл\к турмуш-тиричилигинде

такай пайдалануусунда негизги маселе болуп калуусу абзел экендигин баса белгилейт.

Адам баласынан табигый жаратылышка мамилеси аё сезимд\\, ички психологиялык сезимдерин туура багыттоо, табиятка болгон аяр мамилени калыптандыруу зарыл экендиги жън\ндъг\ суроолорго Ч. Айтматов тъмъндъг\дъй деп жооп берет: « Бак ичинде же къчъдъ ж\ргъндъ къпч\л\к кишилер дарактарды, къчът чырпыктарды кескилеп, майып кылбайт, сындырып, б\лд\рбъйт. Себеби, ал къпч\л\кт\н м\лк\ экендигин, аны ъст\р\\гъ адамдын эмгеги, мээнети корогондугун билет. Ал эми токойду болсо эч ким тиккен эмес, ал ъз\ ъскън, ошондуктан, ал эч кимдики эмес сыяктуу сезилет жана ага «кааласам кыркып кетем» дегендей жоопкерчиликсиз, ойсуз мамиле жасалат. Азырынча токойубуз бир топ эле бар, бирок, анын т\б\ сайын бирден кароолчу кое албайсыё. Ал «кароолчу» ар бир адамдын аё-сезиминде, дээринде болушу керек. Ага жетиш\\ \ч\н таасир эт\\, такай, тынымсыз таасир эт\\ зарыл…. ». 1972 жыл [2].

«Тутумдашуу т\й\н\» деп аталган макалада адабиятчы В. Левченко менен болгон маекте: «Табият, тоо, токойлор, жашыл шиберлер, жан-жаныбарлар, канаттуулар – адам табият таасирлерин эё кабылдагыч кезинде мына ушулардын баары шаар адамынан оолак калат. Кийин ал табиятка кош къё\л карап калганы да мына ушундан» - дейт жазуучу.

- Аны табиятты сактоого, ага этият мамиле жаса деп \г\ттъгъ туура келет.

- «Жок, мен муну табиятты коргоо маанисинде эмес, анын кър\н\штър\н ж\рък менен сезе бил\\н\, анын кадырына жет\\н\н, улуулугун жана ажайыптыгын т\ш\н\п, андан ырахат ала бил\\н\н манил\\л\г\ жън\ндъ айтып жатам….» деген табиятка болгон къз караштарын айтат[5].



«Ыссык-Кълд\н куту жана куну» - деп аталган макалада «Социалистическая индустрия» газетасынын кабарчылары менен болгон маекте: «Ыссык-Кълсизге да кымбат жана кыйбас болсо керек? Бул суроого Ч.Атматов мындайча жооп берет: «Ыссык-Кълменин кутман бешигим….». Кайда гана болбосун, ълкън\ кыдырып ж\ргъндъб\ же

чет жактарга чыккандабы, айтор Ыссык-Кългъ теё келер, анын жалпы жердин сарасындай туюлган кърк-келбетин къънъртъ алар эч бир жерди кърбъд\м» - деп ъз мекенине сыймыктануу менен жооп берет [5]. Касиетт\\ Ыссык-Къл тууралуу кърългъч жазуучу къптъгън ъз\н\н манил\\ къз караштарын айтып кеткен: кълд\н тоо арасында жайланышы, тарыхы, тереёдиги, куймалары, термалдык минералдык составы, дарылык касиети, к\к\ртт\\ суутекке чыланган ылайлары, чаёкайган таза тоодогу ъс\мд\ктър\ менен токойлордун жыпар жыты аёкыган абасы, кълд\н кайталангыс сейректиги, анын дартка дабалуу, шыпаакер касиети ж.б. тууралуу къптъгън къз караштарын билдирет.



Ыссык-Кълд\н мындай баалуулуктарына карабай, анын кийинки кездеги абалына кооптонуу пайда болуп жатат деген суроолорго ал мындайча жооп берет:

«- Аттиё деёизчи, бул анык. Ыссык-Къл тартылып баратат…. Эгер аны мурда ж\здъгън дарыялар менен тоо суулары толуктап турса, б\г\н алардын баары б\т бойдон сугатка жумшалат. Кълдън

суу агып чыкпайт, ошондуктан, ал ъз\н\н бъксъс\н эбегейсиз ълчъмдъг\ буулануунун эсебинен толтуруп турат. Кълд\н жээги жыл сайын 7-10 сантиметрге ылдыйлап жатат….Туташ реакция башталат. Анын салакасы биринчи кезекте кълдъг\ жан-жаныбарларга тиет» ….[5]. Ыссык- Кълд\ сактап калуу, анда эс алып, эмгектенип жана жашап жаткан жарандарга карай тъмъндъг\дъй къз караштарын мисалга келтир\\гъ болот: « - Ыссык-Кълд\ сактап калуу – бул Мекендин бир укум жерин сактап калуу дегендик. Кълд\н тагдыры \ч\н биздин ар бирибиздин жоопкерчилигибизди азыр мына ушундайча т\ш\н\п баалоо керек. Анткени, каармандык –азыр жаратылышка эч нерсе бербей туруп, андан къб\ръък аласа алуудa эмес, иш ж\з\ндъ ъз\б\зд\н акыл-эст\\л\г\б\зд\ ырастап, табийгат менен толук мунасалашып, аны менен толук шайкештикте жашоодо турат… Эгер сен ъз\ёъ жамаатташ турган токойду, суу алган бото къз булакты, берешен жерди с\йсъё, тек гана сукtaнып эмес, ишкер дем, эё башкысы эртеёки к\н жън\ндъ ойлонуп, жаратмандык менен с\йсъё, анда сенин чыныгы кожоюун боло

алганыё, анда сенин патриот боло алганыё. Ал эми жаратылыштын биздин керемет көл\б\з – Ысык-Көл сындуу баа жеткис жерлерин сактап калуунун ъбългъс\ ушунда болот» 1986 жыл. [5].

Ълкъб\зд\н ак мъёг\л\\ тоолору, андан акактай аккан, экологиялык жактан таза, дары, тунук суулары, атыр жыттуу керемет абасы, токойлору, жаныбарлары - жерибиздин кърк\н ачып турган, мындай баалуулукту, сулуулукту келечектеги урпактарыбызга кемитпестен ъткър\п бер\\гъ тийиш экендигибиз жън\ндъг\ жазуучунун къз караштары ътъ таамай жана так с\ръттългън. Улуу, даанышман, келечекти кърък билген, табиятты с\йгън залкар жазуучу Ч. Айтматов ълкъб\зд\н баалулуктарын сактоо, кол тийгизбъъ керек экендиги тууралуу ъз чыгармаларында жана ар кандай инсандар менен маектеш\\с\ндъг\ макалаларында баса белгилейт, ал жаратылыштын кооздугун ички д\йнъс\ менен кабыл ала алган прозаик. Адам, табият, турмуш, нравалуулук, жердин келечеги \ч\н жоопкерчиликке \ндъъ – Чыңгыз Търъкулович Айтматовдун чыгармачылыгында негизги орунду ээлейт. Чыңгыз

Айтматовдун чыгармалары – элдик кенч, ал улуу сѳзд\н к\ч\ менен кыргыз рухий байлыгын б\тк\л адамзаттык байлыкка айландыра алган залкар жазуучу.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А.Баршай. Миры Айтматова. Газета «Ленинский путь» Ош. 7.Х1.1988г.

2. Муратов А. Ала-Тоодон ааламга \н салган Айтматов. Б.2010. 24б.

3. Ч.Айтматов. 1-П том. Фрунзе. Кыргызстан .1982 417б.

4. Чингиз Айтматов. Избранное.Роман, повести. Фрунзе. Кыргызстан.1983.443 б.

5. Чынгыз Айтматов. Сегизинчи том. Макалалар Маектер. «Бийиктик» Бишкек-2008